# Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, бир нерсени айтып: «Ал илим жок боло турган кезде болот» - деди. Мен айттым: «Оо, Аллахтын Элчиси, илим кандай жок болот. Биз Куран окуйбуз, балдарыбызга да окутабыз жана балдарыбыз да балдарына окутушат. Ушинтип Кыяматка чейин окубайбызбы?». Ал айтты: «Апаң сени жоготкур Зияд! Мен сени Мадинадагы илимдүү кишилерден деп билемин. Чындыгында, яхудийлер жана христиандар Тоорат менен Инжилди окушат эмесби, бирок андагы нерселердин бирин да аткарышпайт?!

Зияд бин Лабид, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте ал айтат: Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, бир нерсени айтып: «Ал илим жок боло турган кезде болот» - деди. Мен айттым: «Оо, Аллахтын Элчиси, илим кандай жок болот. Биз Куран окуйбуз, балдарыбызга да окутабыз жана балдарыбыз да балдарына окутушат. Ушинтип Кыяматка чейин окубайбызбы?». Ал айтты: «Апаң сени жоготкур Зияд! Мен сени Мадинадагы илимдүү кишилерден деп билемин. Чындыгында, яхудийлер жана христиандар Тоорат менен Инжилди окушат эмесби, бирок андагы нерселердин бирин да аткарышпайт?!».
[Сахих лигойрихи (башка дагы жакшы айтымы бар жакшы хадис)] [Ибн Маажа жазып калтырган]

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, сахабаларынын арасында отурганда, ал мындай деди: «Бул адамдардан илим көтөрүлгөн кезде болот» - деп айтты. Зияд бин Лабид аль-Ансари, радыяллаху анху, таң калып Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, сурады: Ал айтты: «Бизден илим кантип көтөрүлүп, жоголот? Куранды окуп, жаттап алганбыз. Аллахка ант болсун! Биз аны окуйбуз жана аялдарыбызга, уулдарыбызга жана уулдарыбыздын уулдарына окутабыз». Пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, таң калып: «Энең сени жоготкур, Зияд! Мен сени Медина калкынын аалымдарынан деп билем» - деп айтты. Ошондо Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп түшүндүрдү: Илимдин жоголуусу Курандын

жоголуусу менен болбойт. Бирок илимди иш жүзүндө аткарууну таштап коюу менен жоголорун айтты. Бул иудейлер жана христиандардын китептери Тоорат жана Инжил китептери. Бирок ал китептер аларга пайда бербейт. Анткени алар китептердин максаттарын туура колдонушкан жок. Ошондой эле анын өкүмдөрүн аткарышкан жок.



النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee